**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯ МИНИСТРЛИГИ**

**С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети**

**Филология факультети**

**Чет тилдер кафедрасы**

| | |
|---|---|
| **«МАКУЛДАШЫЛДЫ»** | **«БЕКИТЕМИН»** |
| **Окуу башкармалыгынын башчысы** | **Академиялык иштер боюнча** |
| **_____________ Ж.Ж. Усубалиева** | **проректор _________ К.О. Омурова** |
| **«_5_» _09_________20_25_-ж.** | **«____»____________20___-ж.** |

# ЧЕТ ТИЛИ
# ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН ЖУМУШЧУ ПРОГРАММАСЫ

**Даярдоонун багыты: 580100**

**Даярдоонун профили: Экономика**

**Бүтүрүүчүнүн квалификациясы: бакалавр**

**Окутуу формасы: күндүзгү**

**НАРЫН – 2025**

1. Жумушчу программа **Экономика** багыты боюнча ЖКББ МББСнын талаптарына ылайык түзүлгөн.

2. Жумушчу программаны түздү:

«Чет тилдери» кафедрасынын окутуучусу ____________ (колу) Айдарова В.Ж.

3. Чет тилдери кафедрасынын 20_25_-жылдын «_2_» _сентябрь_ №_2_ протоколу менен **ЖАКТЫРЫЛГАН**.

Кафедра башчысы, доцент ____________ (колу) п.и.к. Эгимбаева Ж.Б.

4. “Экономика, туризм жана бизнес башкаруу” кафедрасынын 20_25_-жылдын «_3_» _сентябрь_ №_1_ протоколу менен **ЖАКТЫРЫЛГАН**.

Кафедра башчысы ____________ (колу) э.и.к. Бекирова Д.О.

5. Филология факультетинин кенешинин отурумунда 20_25_-жылдын «_3_» _сентябрь_ №_1_ протоколу менен **ЖАКТЫРЫЛГАН**

Факультетинин деканы ____________ (колу) п.и.к. Таштанкулова Ж.Ж.

# 1. АННОТАЦИЯ

«Чет тили» дисциплинасы 580100 –Экономика багытынын окуу планында орун алган. Аны окутууга бөлүнгөн 1 – семестрдеги сааттардын жалпы саны 120 аудиториялык сааттар – 48 саат, студенттин өз алдынча ишине 72 саат ажыратылган. Баары биригип 4 кредитти түзөт. Курс I семестрлерде окутулат. Дисциплинанын кредиттердеги (зачеттук бирдиктердеги) өлчөмү, аудиториялык жана өз алдынча иштөөгө бөлүнгөн сааттарын көрсөтүү менен 1-жадыбалда келтирилген.

**1-жадыбал. Дисциплинанын жалпы эмгек сыйымдуулугу**

| Түрмөгү жана коду | Семестри | Эмгек сыйымдуулугу (кредити) | Бардыгы (сааттарда) | Аудиториялык иштин көлөмү (саат) | | | СӨИ | Аттестациялоо формасы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Дарс | Прак. сабак | Лаб. иш | | |
| | 1 | 4 | 120 | - | 48 | - | 72 | Экзамен |

**Кыскача мазмуну:** Бул сабак экономика багытындагы студенттерге англис тилин экономикалык контексте өздөштүрүү мүмкүнчүлүгүн берет. Сабактын жүрүшүндө студенттер экономикалык терминологияны үйрөнүшөт, мыйзам тексттерин талдоону жана экономикалык терминология, сөздөрдү өздөштүрүшөт. Ошондой эле экономикалык жана кесиптик коммуникация көндүмдөрүн өнүктүрүшөт. “Чет тили” окуу дисциплинасында негизги окуу адабияты катары В. И. Уваровдун “АНГЛИЙСКИЙ ЯЗЫК ДЛЯ ЭКОНОМИСТОВ (A2–B2). ENGLISH FOR BUSINESS” начало учебника.pdf окуу куралы колдонулат жана бул ресурсунда студенттер бөлүнгөн экономикалык терминдер, лексикалык материалдар, грамматика, окуу, жазуу жана сүйлөө бөлүмдөрүн ар түрдүү көнүгүүлөр аркылуу тиешелүү компетенцияларды калыптандыра алышат. Жалпы китеп 12 бөлүмдөн туруп, студенттер экономикалык терминдер, бизнес дүйнөсүндөгү жаңы тексттер менен таанышат.

# 2. ДИСЦИПЛИНАНЫ ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

**Курсун предмети -** үйрөнүлүп жаткан тилде экономикалык терминдерди өздөштүрүү, туура окууга, жазууга, сүйлөөгө жана угуу көндүмдөрүн калыптандыруу менен өз ойлорун так, туура айтуусун практика жүзүндө ишке ашыруу.

Дисциплинаны окутуунун максаты: Бул дисциплинаны окутуунун негизги максаты — экономика багытындагы студенттерге англис тилин кесиптик (экономикалык) контекстте өздөштүрүү мүмкүнчүлүгүн түзүү. Сабак аркылуу студенттер экономикалык

терминологияны жана англисче экономикалык коммуникацияны терең үйрөнүп, эл аралык деңгээлде иш алып баруу үчүн зарыл болгон тилдик жана кесиптик компетенцияларды өнүктүрүшөт. Студенттерди бул чөйрөдө англис тилин колдонууга үйрөтүү, кесиптик лексиканы жана сүйлөө көндүмдөрүн өнүктүрүү. Ал эми максатка жетүү үчүн төмөндөгүлөрдү өздөштүрүү керек:

- Негизги грамматикалык структураларды өздөштүрүү;
- Экономикалык лексика менен иштөө жана аны практикада колдонуу;
- Оозеки жана жазма сүйлөө көндүмдөрүн өнүктүрүү;
- Диалог, маектешүү көндүмдөрүн калыптандыруу;
- Кесиптик англис тилиндеги тексттерди түшүнүү жана которуу жөндөмүн өнүктүрүү.

## 4. ДИСЦИПЛИНАНЫ ОКУТУУНУН БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫ МЕНЕН КАТНАШТЫРЫЛГАН МЕРЧЕМДЕЛГЕН НАТЫЙЖАЛАРЫ

580100 – Экономика багытынын боюнча даярдалган бакалавр НББПнын максат-милдеттерине жана ЖКББ МББСда көрсөтүлгөн кесиптик ишмердүүлүктүн милдеттерирне ылайык, жалпы илимий (ЖИК), шаймандык (ШК), социалдык-инсандык жана жалпы маданий (СИЖМК), кесиптик компетенцияларга ээ болууга тийиш.

“Чет тили” окуу дисциплинасын өздөштүрүүнүн натыйжасында калыптандырылуучу компетенциясы 2-жадыбалда көрсөтүлгөн.

2-жадыбал. Дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжасында калыптандырылуучу компетенциялар

| **Коду** | **Компетенциянын мазмуну** |
|---|---|
| **ШК – 1** | Иш жана окуу тармагында мамлекеттик, расмий жана чет тилдеринде ишкердик баарлашууну жүргүзө алат. |

**Дисциплинаны окуп-үйрөнүүнүн натыйжасында калыптандырылуучу**

**компетенциялар жана алардын түзүүчүлөрү**

Дисциплинаны өздөштүрүү аяктаган соң студенттер ар бир компетенциялар боюнча конкреттүү күтүлүүчү натыйжаларга жетүүлөрү тийиш. Ар бир күтүлүүчү натыйжа конкреттүү көндүмдөрдү билүүнү, колдоно билүүнү, аларга ээ болууну камтыйт. Бул көрсөткүчтөр 5-жадыбалда чечмеленип берилди.

**3-жадыбал. Окуучунун дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжасында калыптандырылуучу компетенциялары**

| **Коду** | **Компетенциянын аталышы** | **Компетенциянын түзүүчүлөрү** | |
|---|---|---|---|
| ШК – 1 | Иш жана окуу тармагында мамлекеттик, расмий жана чет тилдеринде ишкердик баарлашууну жүргүзө алат. | Билет: | • Ишкердик баарлашуунун маданиятын, этикетин жана формаларын билет;<br>• Мамлекеттик, расмий жана чет тилдериндеги ишкердик коммуникациянын өзгөчөлүктөрүн билет;<br>• Кесиптик сүйлөшүүлөрдүн жана расмий кат жазуулардагы тилдик нормаларды билет;<br>• Коммуникацияда колдонулуучу терминдерди жана лексикалык бирдиктерди билет. |
| | | Кыла алат: | • Иш жана окуу чөйрөсүндө мамлекеттик, расмий жана чет тилдеринде сүйлөшүү жүргүзө алат;<br>• Ишкердик каттарды, электрондук каттарды жана документтерди туура түзө алат;<br>• Презентация, жолугушуу жана |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | маектешүүдө өз оюн так жана кесиптик деңгээлде билдире алат;<br>• Коммуникациянын ар кандай форматтарында (жазуу, оозеки, онлайн) өз ара түшүнүшө алат. |
| | | Ээ болот | • Көп тилдүү баарлашуунун маанисин түшүнүп, тил маданиятына урмат менен мамиле кылат;<br>• Ишкердик жана кесиптик баарлашууда этикалык принциптерге жана адеп нормаларына таянат;<br>• Эл аралык жана көп маданияттуу чөйрөдө иш алып баруу жөндөмүнө ээ болот;<br>• Тил аркылуу кесиптик компетенттүүлүгүн жана коммуникациялык маданиятын өнүктүрүүгө умтулат. |

**4-жадыбал. 3. «Чет тили» дисциплинасы боюнча окуу-тематикалык план**

| **Прак (сем) сабактын №** | **Сабактын аталышы** | **Сабактын мазмуну** | **Сабактын формасы** | **Сааты** |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Economics Overview | The text: Economics Overview | Working on new vocabulary, read and translate | 4 |
| 2 | Being an Economist. Job Interview | The text: Job Interview | Discussing about oral, written communications, clients service, analytical , legal and | 4 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | logical research, technology and others. | |
| 3 | Macro- and Microeconomics. The Sectors of the Economy . | The text: The Sectors of the Economy | Watching videos Describing | 4 |
| 4 | Money .. | The text: Money | Doing exercises, copy the new terminology | 4 |
| 5 | Financial Institutions | The text: Financial Institutions | Reading the text, translating, working on new vocabulary notes, matching the terms with definitions. | 4 |
| 6 | Banks and Loans | The text: Banks and Loans | Doing grammar exercises learning vocabulary notes and terminology, finding the synonyms and antonyms of the words. | 4 |
| 1-МОДУЛЬ | | | | |
| 7 | Financial Statements | The text: Financial Statements | Finding the English equivalents of the words, matching the terms and completing the sentences with new vocabulary notes. | 4 |
| 8 | Types of Business Entities | The text: Business Entities | Doing grammar exercises, reading the text and discuss | 4 |
| 9 | Organisational Structure and Recruitment | The text: Recruitment | Answering the questions and discuss | 4 |
| 10 | Management Styles. Motivation | The text: Motivation | Reading, writing, translating. | 4 |
| 11 | Business Ethics. Competition .. | The text: Business Ethics | Doing exercises Translating the sentences into English using new terminology | 4 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| 12 | Business and Law | The text: Business and Law | Reading the text: working on new vocabulary notes, doing exercises | 4 |
| 2-МОДУЛЬ | | | | |

## 4. БИЛИМ БЕРҮҮ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

**4.1. Аудиториялык сабактарда колдонулуучу билим берүү технологиялары**

«Чет тили» дисциплинасын өтүүдө аудиториялык сабактарда практикалык сабактар орун алган. Практикалык сабактардын негизги милдети – бул дисциплина боюнча окутуу коммуникативдик, интерактивдүү жана кесиптик-баалуу мамилеге негизделген технологиялардын жардамы менен жүргүзүлөт. Максат – студенттердин тилди экономикалык ()чөйрөдө активдүү колдонуу жөндөмүн өнүктүрүү.

**4.2. Аудиториялык сабактарда колдонулуучу интерактивдүү билим берүү технологиялары**

1. Коммуникативдик окутуу технологиясы (Communicative Approach)

Студенттерди чет тилинде активдүү сүйлөтүү жана баарлашуу көндүмдөрүн калыптандыруу;

Экономикалык кырдаалдардагы ролдук оюндар (бизнес процессин инсцентировкалоо, келишим сүйлөшүүсү ж.б.);

Диалог, дебат жана топтук талкуулар аркылуу тилди практикалык колдонуу.

2. Кесипке багытталган окутуу технологиясы (Profession-Oriented Learning)

Сабактар укуктук документтерди, келишимдерди, мыйзам тексттерин жана иш жүзүндөгү кейстерди колдонуу менен жүргүзүлөт;

“Case study” жана “Project-based learning” ыкмалары аркылуу экономикалык көйгөйлөрдү англис тилинде талдоо;

Экономикалык лексиканы практикалык контекстте колдонуу.

3. Маалыматтык-коммуникациялык технологиялар (ICT in Education)

Онлайн платформаларды колдонуу (Google Classroom, Moodle, Quizlet, Kahoot ж.б.);

Видеоматериалдар, подкасттар жана экономикалык англис тилине арналган санарип ресурстар менен иштөө;

Онлайн дебаттар жана видеоконференциялар аркылуу эл аралык экономикалык темаларды талкуулоо.

4. Интерактивдүү окутуу ыкмалары (Interactive Methods)

Топтук жана жуптук иш формалары;

“Brainstorming”, “Round table”, “Legal debate”, “Mock trial” ыкмалары;

Практикалык тапшырмалар аркылуу тилдик жана логикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүү.

5. Критикалык жана чыгармачыл ой жүгүртүүгө багытталган технологиялар

Реалдуу укуктук кырдаалдарды анализдөө жана аргументтерди түзүү көндүмдөрүн өнүктүрүү;

“Problem-based learning” жана “Critical thinking tasks” аркылуу логикалык, аналитикалык ой жүгүртүүнү өрчүтүү;

Студенттерди өз алдынча изилдөө жана рефлексия жүргүзүүгө үйрөтүү.

6. Аралаш окутуу (Blended Learning)

Салттуу аудиториялык сабактар менен онлайн өз алдынча ишти айкалыштыруу;

Онлайн тесттер, тапшырмалар жана интерактивдүү машыгуулар аркылуу тилди үзгүлтүксүз практикалоо.

Бул сабакта билим берүү технологиялары студенттердин тилдик, кесиптик жана коммуникативдик компетенцияларын өнүктүрүүгө багытталат. Негизги басым — практикалык сүйлөө, экономикалык кырдаалды анализдөө жана эл аралык деңгээлде баарлашуу жөндөмүн калыптандыруу.студенттерди англис тилинин грамматикасын практикалык жактан туура өздөштүрүү билимдер тутуму менен тааныштыруу. Студенттер өз ара грамматикалык темалар менен гана таанышпастан аларды көнүгүү аркылуу практика жүзүндө өздөштүрүшөт

Окуу дисциплинасынын аудиториялык сабактарында интерактивдүү формада өтүлүүчү сааттардын жалпы үлүшү 69%ды түзөт.

## 5. ЖЕТИШҮҮНҮ КҮНДӨЛҮК ТЕКШЕРҮҮНҮН, АРАДАГЫ АТТЕСТАЦИЯНЫН ЖАНА ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНДА ИШКЕ АШЫРЫЛУУЧУ КОМПЕТЕНЦИЯЛАРДЫН БААЛООЧУ КАРАЖАТТАРЫ

580100 – Экономика багытынын ЖКББ МББСнын талаптарына ылайык студенттердин жекече жетишүүсүнүн дисциплина боюнча мерчемделген окутуунун

натыйжаларына ылайыктыгын аттестациялоо үчүн баалоочу каражаттардын себили түзүлгөн (1-тиркеме). Ага 1-2-модулдун (арадагы аттестациянын, зачеттун) суроолору, ошол суроолор боюнча түзүлгөн тесттер кирет. Ошону менен бирге СӨИ чоң жана кичи группаларда иштөө, сабак учурундагы ар кандай тапшырмалар, жаңы сөздөрдү конспектилөө, грамматикалык тапшырмаларды аткаруу, чыгармачылык менен иштөө жана видеолорду жасоо менен иш алынып барылат.

## 5.1. ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫ БОЮНЧА ТЕКШЕРҮҮЧҮ-БААЛООЧУ ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮ УЮШТУРУУ

Дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжаларын текшерүү жана баалоо окутуучу тарабынан практикалык сабактарды өтүү, ошондой эле студенттердин өз алдынча иштерди аткаруу, модулдук текшерүү, арадагы аттестация (зачет) жараянында жүзөгө ашырылат. Практикалык сабактардын мазмуну боюнча ар бир практикалык сабакта оозеки сурамжылоо (күндөлүк текшерүү) жүргүзүлүп, студенттердин оозеки жооптору салттуу шкалада да, упайлык шкалада да бааланат (мисалы, “эң жакшы” – 90-100 упай, “жакшы” – 80-89 упай, “орто” – 60-79 упай, “жаман” – 0-59 упай). Модулдук текшерүү жана арадагы аттестация (зачет) оозеки жана жазуу формада өткөрүлүп, ал үчүн үч суроодон турган билеттер жана тест даярдалат. Билеттер теориялык маселелерди да, практикалык мүнөздөгү тапшырмаларды да камтышат. Студенттердин билеттердин суроолоруна берген жооптору салттуу шкалада да, упайлык шкалада да бааланат (мисалы, “эң жакшы” – 90-100 упай, “жакшы” – 80-89 упай, “орто” – 60-79 упай, “жаман” – 0-59 упай). Студенттердин практикалык сабактардан жана эки модулдан топтогон упайлары жыйынтыктоочу бааны коюу үчүн жетиштүү болсо, алар арадагы аттестациядан (зачеттон) бошотулат.

(5-жадыбал)

| **Окутуунун натыйжалары (өздөштүрүлгөн билимдер, билгичтиктер, көндүмдөр)** | **Окутуунун натыйжаларын баалоонун формалары жана усулдары** |
|---|---|
| Дисциплинаны окуп-үйрөнүүнүн натыйжасында студент:<br>- грамматикалык эрежелерди туура колдонууну;<br>- грамматиканы айрымалап, чактарды салыштыра билүүну; | Лекциялык дептердин толуктугун текшерүү.<br>Семинардык сабак үчүн жумушчу дептерди текшерүү жана аны баалоо |

| | |
|---|---|
| - чактардын формаларын туура колдонууну;<br>- диаграмманы туура толтурууну;<br>- сүйлөмдөрдөгү грамматикалык эрежелерди айрымалай билүүнү;<br>- грамматикалык эрежелерди сактоо менен сүрөткө карай оозеки жана жазуу тапшырмаларын аткаруу көндүмдөрүн калыптандырууну;<br>- көнүгүүлөрдөгү боштуктарды берилген грамматикалык эрежелерди колдонуу менен толтурууну билүүгө тийиш. | Күнүмдүк практикалык сабактарда студенттерди оозеки жана жазуу жүзүндө сурамжылоолор (көнүгүү үчүн дептерлерин текшерүү) аркылуу билимдерди баалоо<br><br>Берилген көнүгүүлөрдөгү студенттердин грамматикалык эрежелерди туура колдонуп аткаруу формаларын баалоо<br><br>Студенттердин өз алдынча иштөөсүнүн («Биргелешип издөө» дискуссиясы, дискуссия, жуптарда иштөө, кайчылаш дискуссия, кичи топтордо иштөө) формаларын баалоо<br><br>Дисциплина боюнча<br>практикалык сабактарда жана СӨИ катары аткарылган ар кыл жазуу иштерин ( сүйлөм түзүү, грамматикалык эережелерди салыштыруу көнүгүүлөрү, ассоциативдүү жазуу, баяндама, Венндин диаграммасы, РАФТ, реферат, ротация, түрдүү булактар боюнча баяндама, Т-схема,) текшерүү жана баалоо<br><br>Түзүлгөн тест боюнча оозеки |

| | |
|---|---|
| | жана жазуу формада модулдук текшерүү жана арадагы аттестация (зачет) өткөрүү жана алардын натыйжаларын баалоо |

**5.3. Студенттин дисциплина боюнча модулдагы, баа коюлуучу зачеттогу (экзамендеги) жоопторун баалоо 6-жадыбал.**

| Модулдун баа коюлуучу зачеттун (экзамендин) баасы | | Билимдерге, жазуу жана окуу иштеринин (өз алдынча иштин) аткарылыш деңгээлине коюлуучу талаптар |
|---|---|---|
| Упайлар менен | Салттуу шкалада | |
| 90 - 100 | 5 – «эң жакшы» | «Эң жакшы» деген баа студентке, эгер ал программанын материалын терең жана чың өздөштүрсө, берилген тапшырмаларды грамматикалык эрежелерге таянып туура так аткарса, кыскача тексттерге карата тапшырмаларды жазуу жүзүндө туура аткарса жана аларды оозеки так чагылдырса, өтүлгөн тема боюнча суроолорго так жооп бере алса, тексттеги жаңы сөздөрдүн маанилерин билсе жана ал сөздөрдү оозеки жана жазуу тапшырмаларында колдонсо, сүрөттөргө карай кыскача параграфтарды түзө билсе, практикалык тапшырмаларды аткаруунун ар тараптуу көндүмдөрү менен ыкмаларына ээ болсо, жазуу иштеринде 1 мазмундук так эместик, 1-2 кептик так эместик учураса, 1 орфографиялык, же 1 пунктуациялык, же 1 грамматикалык ката кетсе коюлат. Баа коюуда окуу дисциплинасына ылайык келүүчү компетенциялардын калыптангандыгы эске алынат. |
| 80 - 89 | 4 – «жакшы» | «Жакшы» деген баа студентке, эгер ал материалды бекем билсе, аны сабаттуу жана мазмундуу жазуу жүзүндө баяндаса, суроого жооп бере алса, грамматикалык эрежелерди так колдонуу менен бир аз каталарды кетирсе да, татаал сөздөрдү туура жазса жана ар турдуу жазуу жана окуу көнүгүүлөрүн бир, эки ката кетирсе, жазуу жана окуу иштеринде 2 мазмундук так эместик, 3-4 кептик так эместик учураса, 2 орфографиялык жана 2 пунктуациялык, же 1 орфографиялык жана 3 пунктуациялык, же 4 пунктуациялык жана 2 грамматикалык ката кетсе коюлат. Баа коюуда окуу дисциплинасына ылайык келүүчү компетенциялардын калыптангандыгы эске алынат. |
| 60 - 79 | 3 – «орто» | «Орто» деген баа студентке, эгер ал берилген тексттерди түшүнүп, бирок грамматикалык эрежелерди туура колдонуу менен жазуу жана окуу иштеринде ката кетирсе, кыскача параграфты түзүүдө кыйынчылыктарды башынан кечирсе, өтүлгөн темалар боюнча берилген суроолорго так жооп бере албаса, сүрөттөргө карай параграфтарды толук түзө албаса, |

| | | |
|---|---|---|
| | | жазуу иштеринде 4 мазмундук так эместик, 5 кептик так эместик учураса, 4 орфографиялык жана 4 пунктуациялык, же 3 орфографиялык жана 5 пунктуациялык, же 7 пунктуациялык жана 4 грамматикалык ката кетсе коюлат. Баа коюуда окуу дисциплинасына ылайык келүүчү компетенциялардын калыптангандыгы эске алынат. |
| 0 - 59 | 2 – «жаман» | «Жаман» деген баа студентке, эгер ал программалык материалдын чон бөлүгүн билбесе, маанилүү каталарга жол берсе, практикалык иштерди ишеничсиз, чоң кыйынчылыктар менен аткарса, жазуу жана окуу иштеринде орфографиялык, пунктуациялык жана грамматикалык каталар арбын кездешсе коюлат. Баа коюуда окуу дисциплинасына ылайык келүүчү компетенциялардын калыптангандыгы эске алынат. |

## 6. КАЛТЫРЫЛГАН САБАКТАРДЫ КАЙРА ТАПШЫРУУНУН ТҮРЛӨРҮ ЖАНА ФОРМАЛАРЫ

Студент аудиториялык сабактарга катышпаган учурда, ал ошол аудиториялык иштин программасын жана мазмунун өз алдынча өздөштүрүп, жумушчу дептерине өзү калтырган көнүгүү дептерин жана конспектисин жазып окутуучуга көрсөтөт, ошондой эле жумушчу дептерине өзү калтырган практикалык сабактын суроолоруна окуу-усулдук, грамматика боюнча көнүгүү китептеринен жоопторду таап жазып, аны окутуучуга оозеки жана жазуу тапшырат, өзү калтырган тема боюнча СӨИ (студенттин өз алдынча ишин) аткарып, аны окутуучунун астында коргойт. Эгер модулга же зачетко чейин ушул иштерди аткарбаса, студент модулдук текшерүүгө жана зачетко киргизилбейт.

## 8. Колдонулган Адабияттар

**а) Негизги адабияттар**


1. В. И. Уваров АНГЛИЙСКИЙ ЯЗЫК ДЛЯ ЭКОНОМИСТОВ (A2–B2). ENGLISH FOR BUSINESS УЧЕБНИК И ПРАКТИКУМ ДЛЯ АКАДЕМИЧЕСКОГО БАКАЛАВРИАТА 2-е издание, переработанное и дополненное Рекомендовано Учебно-методическим отделом высшего образования в качестве учебника и практикума для студентов высших учебных заведений, обучающихся по экономическим направлениям Книга доступна в электронной библиотечной системе biblio-online.ru Москва ♣ Юрайт ♣ 2018
K.N.Kachalova, E.E.Israelovich. English Grammar. Moscow 1996

2. Raymond Murphy. English Grammar in Use – Cambridge University Press, 1992
3. Christina Latham-Koenig, Clive Oxenden. English File –elemantary – Oxford University Press, 2002
4. Christina Latham-Koenig, Clive Oxenden. English File –pre-intermediate – Oxford University Press, 2002
5. English Grammar. Moscow, 1998

**б) Кошумча адабияттар**

1. Christina Latham-Koenig, Clive Oxenden. English File –intermediate – Oxford University Press, 2002
2. Christina Latham-Koenig, Clive Oxenden. English File –upper-intermediate – Oxford University Press, 2002
3. Headway Pre-Intermediate. Oxford
4. Н. Амосова. Основы английской фразеологии. Л., 1963
5. Л. Бархударов. Очерки по морфологии современного английского языка. М., 1975
6. Л. Бархударов. Структура простого предложения современного английского языка.
7. М., 1966
8. Л. Бархударов, Д. Штелинг. Грамматика английского языка. М., 1994
9. М. Блох. Теоретическая грамматика английского языка. М., 1994
10. М. Блох. Теоретические основы грамматики. М., 2002
11. M. Blokh. A Course in Theoretical English Grammar. M., 1983

**9. Дисциплинаны окуу-усулдук камсыздоонун каражаттары:**

1. Проектор; 2. Ноутбук же нетбук; 3. Колонкалар; 4. Экран; 5. Флипчарттар (ватман) жана маркерлер. 6. Грамматикалык эрежелер боюнча таблицалар. 7. Сөздүктөр